КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022-жылдын 27-сентябры, № 540

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАТТООДОН
20___ж. "___"___________ӨТКӨРҮЛДҮ
№_______________КҮБӨЛҮК
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
"11" 01 2023
СВИДЕТЕЛЬСТВО № ГРЮ 0086156

## Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борбору жөнүндө

Мамлекеттик жарандык кызматчылардын, муниципалдык кызматчылардын, жеке маалыматтардын массивдерин кармоочулардын (ээлеринин) кызматкерлеринин жана калктын жеке мүнөздөгү маалыматтар, санариптик гигиена, киберкоопсуздуктун негиздери жаатындагы билимдерин жогорулатуу, ошондой эле санариптик көндүмдөрүнүн деңгээлин көтөрүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борбору (мындан ары – Окуу борбору) түзүлсүн.

2. Окуу борбору жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 22-декабрындагы № 325 «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин башкаруу схемасы ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 27 сентября 2022 года № 540

## Об Учебном центре Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики

В целях повышения знаний в области информации персонального характера, цифровой гигиены, основ кибербезопасности, а также уровня цифровых навыков государственных гражданских служащих, муниципальных служащих, работников держателей (обладателей) массивов персональных данных и населения, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Учредить Учебный центр Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Учебный центр).

2. Утвердить Положение об Учебном центре согласно приложению 1.

3. Внести в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О Государственном агентстве по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики» от 22 декабря 2021 года № 325 следующее изменение:

схему управления Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики, утвержденную вышеуказанным постановлением, изложить в редакции согласно приложению 2 к настоящему постановлению.

4. Государственному агентству по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики принять необходимые меры, вытекающие из настоящего постановления.

5. Учебному центру приступить к разработке методик и образовательных программ, формированию штата сотрудников,

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

5. Окуу борбору методикаларды жана билим берүү программаларын иштеп чыгууга, кызматкерлердин штатын түзүүгө, лицензия алууга жана ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрүүгө киришсин.

6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги лицензиялоо жол-жобосун жүргүзүүдө Окуу борборуна көмөк көрсөтсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

8. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

получению лицензии и принятию иных мер, вытекающих из настоящего постановления.

6. Министерству образования и науки Кыргызской Республики оказать содействие Учебному центру при проведении процедуры лицензирования.

7. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

8. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борбору жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борборунун (мындан ары – Окуу борбору) ишинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

2. Окуу борбору өз алдынча юридикалык жак болуп саналат, өз алдынча балансы, финансылык-кредиттик мекемелерде улуттук жана чет өлкөлүк валютада эсептери, мамлекеттик жана расмий тилдерде толук аталышы менен мөөрү, штампы жана расмий бланктары бар.

3. Окуу борборунун мүлкү (кыймылдуу жана кыймылсыз) ага оперативдүү башкаруу укугунда өткөрүлүп берилген мамлекеттик менчик болуп саналат.

4. Окуу борбору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин (мындан ары – Агенттик) ведомстволук бөлүмү болуп саналат.

5. Окуу борбору өз ишин өзүн-өзү каржылоо шарттарында жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген тартипте берилген тиешелүү лицензиянын негизинде жүзөгө ашырат.

6. Окуу борбору өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерин жана ченемдерин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

7. Окуу борбору Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, жарандар жана юридикалык жактар менен өз ара аракеттенет.

8. Окуу борборунун уюштуруу-укуктук формасы – мамлекеттик мекеме, ал оперативдүү башкаруу укугунда түзүлгөн. Окуу борбору өзүнө бекитилип берилген мүлккө карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу укугун жүзөгө ашырат.

Окуу борборунун толук фирмалык аталышы:

Приложение 1

**Положение об Учебном центре Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики**

## 1. Общие положения

1. Настоящее Положение определяет правовые и организационные основы деятельности Учебного центра Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Учебный центр).

2. Учебный центр является самостоятельным юридическим лицом, имеет самостоятельный баланс, счета в финансово-кредитных учреждениях в национальной и иностранной валюте, гербовую печать, штамп и официальные бланки со своим полным наименованием на государственном и официальном языках.

3. Имущество (движимое и недвижимое) Учебного центра является государственной собственностью, передаваемой ему на праве оперативного управления.

4. Учебный центр является подведомственным подразделением Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Агентство).

5. Учебный центр осуществляет свою деятельность на условиях самофинансирования и на основании соответствующей лицензии, выданной в установленном порядке Министерством образования и науки Кыргызской Республики.

6. Учебный центр в своей деятельности руководствуется Конституцией и законами Кыргызской Республики, иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, общепризнанными принципами и нормами международного права, международными договорами, вступившими в силу в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, а также настоящим Положением.

7. Учебный центр взаимодействует с государственными органами Кыргызской Республики, органами местного самоуправления, общественными объединениями, гражданами и юридическими лицами.

8. Организационно-правовая форма Учебного центра – государственное учреждение, созданное на праве оперативного управления. Учебный центр в отношении закрепленного за ним имущества осуществляет право владения, пользования и распоряжения в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

Полное фирменное наименование Учебного центра:

– мамлекеттик тилде: «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борбору»;

– расмий тилде: «Учебный центр Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики».

Окуу борборунун кыскартылган аталышы:

– мамлекеттик тилде: «Окуу борбору»;

– расмий тилде: «Учебный центр».

Окуу борборунун юридикалык дареги: 720071, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265-а.

## 2. Окуу борборунун максаттары жана милдеттери

9. Окуу борборунун ишинин негизги максаты жеке маалыматтардын субъекттерине кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу ишин, ошондой эле илимий ишти жүргүзүү болуп эсептелет.

10. Окуу борборунун негизги милдеттери болуп жарандарды, мамлекеттик башкаруу секторунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин жана жеке маалыматтар массивинин кармоочуларынын (ээлеринин) кызматкерлерин жеке маалыматтарды коргоо, жеке маалыматтар менен иштөө, маалыматтык коопсуздук, санариптик гигиена, санариптик көндүмдөр маселелери боюнча окутуу жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле санариптик мыйзамдарды жана жеке мүнөздөгү маалыматтар жаатында мыйзамдарды калыптандырууга илимий ыкмаларды иштеп чыгуу саналат.

Окуу борбору ошондой эле жеке маалыматтарды коргоо жана купуялуулук маселелери боюнча эл аралык бир топ ийгиликтүү практиканы киргизүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгат.

## 3. Окуу борборунун негизги функциялары

11. Аталган милдеттерди ишке ашыруу үчүн Окуу борбору төмөнкүдөй функцияларды жүзөгө ашырат:

1) жарандарды, мамлекеттик башкаруу секторунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин жана жеке маалыматтардын массивинин кармоочуларынын (ээлеринин) кызматкерлерин окутуу жана квалификациясын жогорулатуу;

2) жеке маалыматтарды коргоо, жеке маалыматтар менен иштөө, киберкоопсуздук, санариптик гигиена, санариптик көндүмдөр маселелери боюнча окуу колдонмолорун, маалымдама адабияттарын, брошюраларды иштеп чыгуу;

3) окутуунун натыйжалуу системасын түзүү;



– на государственном языке: «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин Окуу борбору»;

– на официальном языке: «Учебный центр Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики».

Сокращенное наименование Учебного центра:

– на государственном языке: «Окуу борбору»;

– на официальном языке: «Учебный центр».

Юридический адрес Учебного центра: 720071, Кыргызская Республика, город Бишкек, проспект Чуй, 265-а.

## 2. Цели и задачи Учебного центра

9. Основной целью деятельности Учебного центра является деятельность по реализации программ дополнительного образования субъектов персональных данных, а также научная деятельность.

10. Основными задачами Учебного центра являются обучение и повышение квалификации граждан, работников сектора государственного управления, органов местного самоуправления и работников держателей (обладателей) массива персональных данных по вопросам защиты персональных данных, работы с персональными данными, информационной безопасности, цифровой гигиены, цифровых навыков, а также выработки научных подходов к формированию цифрового законодательства и законодательства в области информации персонального характера.

Учебный центр также разрабатывает рекомендации по внедрению наиболее успешных международных практик по вопросам защиты персональных данных и приватности.

## 3. Основные функции Учебного центра

11. В целях реализации указанных задач Учебный центр осуществляет следующие функции:

1) обучение и повышение квалификации граждан, работников сектора государственного управления, органов местного самоуправления и работников держателей (обладателей) массива персональных данных;

2) разработка учебных пособий, справочной литературы, брошюр по вопросам защиты персональных данных, работы с персональными данными, кибербезопасности, цифровой гигиены, цифровых навыков;

3) создание эффективной системы обучения;

4) внедрение в учебный процесс инновационных технологий;

5) проведение семинаров-совещаний, тренингов, конференций;

4) окуу процессине инновациялык технологияларды киргизүү;

5) семинар-кеңешмелерди, тренингдерди, конференцияларды өткөрүү;

6) жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндө түшүндүрүү-консультациялык иштерди жүргүзүү;

7) чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер, юридикалык жана жеке жактар менен окуу, илимий иш, келишимдик негизде окутуу курамынын квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча түз байланыштарды жүзөгө ашыруу;

8) Окуу борборуна жүктөлгөн милдеттерди жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон башка функцияларды аткаруу.

## 4. Окутуу өткөрүүнүн тартиби

12. Окутуу Агенттиктин түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте түзүлгөн окуу пландарына жана программаларына ылайык өткөрүлөт.

Окутуу тилдери: угуучулардын суроо-талаптарына жана Окуу борборунун мүмкүнчүлүктөрүнө жараша кыргыз, орус жана каалаган чет тилдерде.

Окуунун узактыгы окуу пландары менен аныкталат.

Окуу борбору окутуу процессин жүзөгө ашыруу үчүн Агенттиктин, ошондой эле башка министрликтердин жана ведомстволордун адистерин тартууга укуктуу.

13. Окуу борборунда окуудан жана кайра даярдоодон өткөн угуучулар Агенттик тарабынан белгиленген үлгүдөгү документти алышат.

## 5. Окуу борборунун ишин уюштуруу

14. Окуу борборун жетектөөнү директор жүзөгө ашырат, ал Агенттиктин директорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат.

15. Директор:

1) эмгек акы төлөө фонду жана чектүү штаттык санынын белгиленген чегинде Окуу борборунун түзүмүнүн жана штаттык санынын долбоорлорун Агенттиктин директоруна макулдашууга киргизет;

2) Окуу борборунун кызматкерлерин белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана бошотот;

3) Окуу борборунун окуу-методикалык, өндүрүштүк ишин уюштурат;

4) Окуу борборуна жүктөлгөн милдеттердин аткарылышына жеке жоопкерчилик тартат;



6) проведение разъяснительно-консультативной работы в сфере защиты персональных данных;

7) осуществление прямых связей с иностранными и международными учреждениями, юридическими и физическими лицами по вопросам учебной, научной деятельности, повышения квалификации преподавательского состава на договорной основе;

8) выполнение иных функций, необходимых для осуществления возложенных на Учебный центр задач.

## 4. Порядок проведения обучения

12. Обучение проводится по учебным планам и программам, составленным совместно со структурными подразделениями Агентства.

Языки обучения: кыргызский, русский и любой иностранный язык в зависимости от запросов слушателей и возможностей Учебного центра.

Продолжительность обучения определяется учебными планами.

Учебный центр для осуществления учебного процесса вправе привлекать специалистов Агентства, а также других министерств и ведомств.

13. Слушатели, прошедшие обучение и переподготовку в Учебном центре, получают документ установленного Агентством образца.

## 5. Организация деятельности Учебного центра

14. Руководство Учебным центром осуществляет директор, назначаемый на должность и освобождаемый от должности Председателем Кабинета Министров Кыргызской Республики по представлению директора Агентства.

15. Директор:

1) вносит на согласование директору Агентства проекты структуры и штатного расписания Учебного центра в пределах, установленных фондом оплаты труда и предельной штатной численности;

2) в установленном порядке назначает на должность и освобождает от должности сотрудников Учебного центра;

3) организует учебно-методическую, производственную работу Учебного центра;

4) несет персональную ответственность за выполнение возложенных на Учебный центр задач;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Жобого ылайык Окуу борборунун ишин жетектөө боюнча башка функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

16. Окуу борборунун директору төмөнкүлөргө укуктуу:

1) окуу процессин, окуу-методикалык ишти жана материалдык-техникалык базаны жакшыртуу боюнча Агенттиктин директоруна сунуштарды киргизүүгө;

2) Окуу борборунун атынан ишеним катсыз иш алып барууга, анын кызыкчылыктарын көрсөтүүгө;

3) Окуу борборунун атынан юридикалык жана жеке жактар менен келишимдерди түзүүгө, Окуу борборунун кызматкерлерине ишеним каттарды берүүгө;

4) өзүнүн компетенциясынын чегинде Окуу борборунун бардык кызматкерлерине аткаруу милдеттүү болгон буйруктарды, тескемелерди чыгарууга, тапшырмаларды жана көрсөтмөлөрдү берүүгө;

5) Окуу борборунун ишине тиешелүү маселелер боюнча уюмдар жана мекемелер менен кат алышууларды жүргүзүүгө;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана белгиленген эмгек акы фондунун чегинде окуу-көмөкчү жана административдик-чарбалык персоналга эмгек акы төлөө шарттарын белгилөөгө;

7) өзүнүн кызматкерлерин белгиленген тартипте иш сапарларына жиберүүгө;

8) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Окуу борборунун штаттык кызматкерлерин жылдырууга, сыйлоого жана тартиптик жаза чараларын көрүүгө, ошондой эле кызматкерлерге атайын эсептин каражаттарынын эсебинен материалдык жардам көрсөтүүгө.

17. Окуу борборунун түзүмү жана штаттык саны бекитилген штаттык сандын жана эмгек акы төлөө фондунун чегинде директор тарабынан бекитилет.

Борбордун кызматкерлери мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, ошондой эле кенже жана техникалык тейлөөчү персонал болуп саналбайт.

18. Окуу борборунун ишин каржылоо белгиленген тартипте төмөнкүлөрдүн эсебинен жүзөгө ашырылат:

1) окуу үчүн төлөм түрүндө келип түшкөн каражаттар;

2) мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказ болгон учурда мамлекеттик бюджеттен ассигнованиелер;

3) юридикалык жана жеке жактардын адистерин даярдоого жана кайра даярдоого келишимдерди аткаруу үчүн алынган каражаттар;

4) юридикалык жана жеке жактар, анын ичинде чет мамлекеттер тарабынан акысыз берилген каражаттар;



5) осуществляет иные функции и полномочия по руководству деятельностью Учебного центра в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и настоящим Положением.

16. Директор Учебного центра имеет право:

1) вносить директору Агентства предложения по совершенствованию учебного процесса, учебно-методической работы и материально-технической базы;

2) действовать от имени Учебного центра без доверенности, представлять его интересы;

3) заключать договоры от имени Учебного центра с юридическими и физическими лицами, выдавать доверенности сотрудникам Учебного центра;

4) в пределах своей компетенции издавать приказы, распоряжения, давать поручения и указания, обязательные для исполнения всеми работниками Учебного центра;

5) вести переписку с организациями и учреждениями по вопросам, касающимся работы Учебного центра;

6) устанавливать условия оплаты труда учебно-вспомогательного и административно-хозяйственного персонала с соблюдением законодательства Кыргызской Республики и в пределах установленного фонда заработной платы;

7) направлять в установленном порядке своих работников в служебные командировки;

8) осуществлять в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики, перемещение штатных работников Учебного центра, принимать меры поощрения и дисциплинарного взыскания, а также оказывать материальную помощь сотрудникам за счет средств специального счета.

17. Структура и штатное расписание Учебного центра утверждаются директором в пределах утвержденных штатной численности и фонда оплаты труда.

Сотрудники центра не являются государственными гражданскими и муниципальными служащими, а также младшим и техническим обслуживающим персоналом.

18. Финансирование деятельности Учебного центра осуществляется в установленном порядке за счет:

1) средств, поступающих в виде платы за обучение;

2) ассигнований из государственного бюджета при наличии государственного заказа на обучение государствённых гражданских служащих и муниципальных служащих;

3) средств, полученных за выполнение договоров на подготовку и переподготовку специалистов юридических и физических лиц;

4) средств, передаваемых безвозмездно юридическими и физическими лицами, в том числе иностранных государств;

5) илимий-изилдөө, басма, өндүрүштүк жана коммерциялык иштен түшкөн жеке каражаттар;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка булактар.

19. Мугалимдерге эмгек акы төлөө белгиленген тартипте аткарылган окуу жүктөмүнүн көлөмүнө ылайык аныкталат.

20. Окуу борборунун ишинен түшкөн кирешелер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Борбордук казыналыктын системасындагы Агенттиктин атайын эсебине которулат.

## 6. Корутунду жоболор

21. Окуу борборун кайра уюштуруу жана ишин токтотуу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

22. Окуу борборунун иши токтотулган учурда Окуу борборунун документтери «Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.



5) собственных средств от научно-исследовательской, издательской, производственной и коммерческой деятельности;

6) других источников, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики.

19. Оплата труда преподавателей определяется в установленном порядке в соответствии с объемом выполненной учебной нагрузки.

20. Доходы от деятельности Учебного центра поступают на специальный счет Агентства в системе Центрального казначейства при Министерстве финансов Кыргызской Республики.


## 6. Заключительные положения

21. Реорганизация и прекращение деятельности Учебного центра осуществляются в соответствии с гражданским законодательством Кыргызской Республики.

22. В случае прекращения деятельности Учебного центра документы Учебного центра хранятся и используются в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном архивном фонде Кыргызской Республики».

2-тиркеме
«2-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин башкаруу схемасы**




».

Приложение 2
«Приложение 2

**Схема управления Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики**




».